# Мамлекеттик казына облигацияларынын рыногу
*(2017-жылдын июль айы)*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде биринчилик рыногунда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан мамлекеттик казына облигацияларын (мындан ары - МКО) жайгаштыруу боюнча эки аукцион өткөрүлгөн. Байкоого алынып жаткан ай ичинде МКОго карата суроо-талап 28,4 пайызга арткандыгына байланыштуу аларга 100,0 млн сом өлчөмүндөгү бир кошумча жайгаштыруу өткөрүлгөн.

Алсак, аукциондордо МКОнун жарыяланган эмиссиясынын көлөмү ай ичинде 58,0 пайызга төмөндөө менен 600,0 млн сомду түзгөн. Суроо-талап сунуштан арткан, ошол эле учурда ал өткөн айга салыштырмалуу 770,6 млн сомду түзүү менен 48,7 пайызга төмөн болгон. Мында, кошумча жайгаштырууларды эске алуу менен рыноктун катышуучулары тарабынан 728,9 млн сом жалпы суммасында 2 жана 3 жылдык казына облигациялары сатылып алынган.

Отчеттук мезгил ичинде МКО боюнча орточо айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү 5 жана 7 жылдык жогорку кирешелүү МКО жоктугунан улам, 3,7 п.п. төмөндөө менен 10,5 пайыз деңгээлинде калыптанган.

Отчеттук жылдын июль айынын акырына карата жүгүртүүдө МКО көлөмү жыл башынан тартып 18,7 млрд сомду түзүү менен 36,7 пайызга өскөн. Мында, МКОго ээлик кылуучулар түзүмүндө институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн 61,2 пайызга (-1,8 п.п.) төмөндөшү байкалган, ал эми коммерциялык банктардын салыштырма салмагы тескерисинче 38,1 пайызга (+1,7 п.п.) чейин жогорулаган, юридикалык жактардын-резиденттердин салыштырма салмагы 0,7 пайызды (+0,1 п.п.) түзгөн.

Айдын жыйынтыгында МКОнун баштапкы рыногунун концентрациялануу индекси 0,34 (+0,03) түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүп, рынокто үч негизги инвестордун катышкандыгына дал келген.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рыногунда МКО менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-график. МКОго карата суроо-талаптын, сунуштун жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**



**2-график. МКО боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүлүктүн динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКОго ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. Инвесторлор | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.08.2016 | 11 003 061,3 | 4 558 692,2 | 41,4 | 6 404 353,1 | 58,2 | 39 966,0 | 0,4 | 50,0 | 0,0 |
| 01.09.2016 | 11 288 061,3 | 4 360 364,9 | 38,6 | 6 884 533,4 | 61,0 | 43 113,0 | 0,4 | 50,0 | 0,0 |
| 01.10.2016 | 11 563 561,3 | 4 422 089,3 | 38,2 | 7 095 809,0 | 61,4 | 45 613,0 | 0,4 | 50,0 | 0,0 |
| 01.11.2016 | 11 646 061,3 | 4 537 941,4 | 39,0 | 7 062 456,9 | 60,6 | 45 613,0 | 0,4 | 50,0 | 0,0 |
| 01.12.2016 | 12 417 661,3 | 4 747 209,6 | 38,2 | 7 584 588,7 | 61,1 | 85 813,0 | 0,7 | 50,0 | 0,0 |
| 01.01.2017 | 13 698 111,3 | 4 983 163,1 | 36,4 | 8 629 085,2 | 63,0 | 85 813,0 | 0,6 | 50,0 | 0,0 |
| 01.02.2017 | 14 026 261,3 | 5 318 167,4 | 37,9 | 8 612 280,9 | 61,4 | 95 813,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.03.2017 | 15 086 261,3 | 5 968 583,8 | 39,6 | 9 021 864,5 | 59,8 | 95 813,0 | 0,6 | 0,0 | 0,0 |
| 01.04.2017 | 15 242 261,3 | 6 093 383,8 | 40,0 | 9 032 864,5 | 59,3 | 116 013,0 | 0,8 | 0,0 | 0,0 |
| 01.05.2017 | 16 042 261,3 | 6 658 175,0 | 41,5 | 9 271 073,3 | 57,8 | 113 013,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.06.2017 | 17 002 261,3 | 7 025 135,2 | 41,3 | 9 854 005,1 | 58,0 | 123 121,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.07.2017 | 17 492 261,3 | 7 036 419,6 | 40,2 | 10 332 720,7 | 59,1 | 123 121,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.08.2017 | 18 731 111,3 | 7 140 239,8 | 38,1 | 11 465 900,5 | 61,2 | 124 971,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |